**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ ______________ «_____» ________ 20 ___

Сизд.чыг. (На) № ___________ «_____» _________ 20 ___

**Жалал-Абад облусу,**
**Аксы району, Сары-Челек а/а**
**Б.Т. Дубанаевге**

**Урматтуу Болотбек Турдалиевич,**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - БШК) Сиздин кайрылууңузду карап чыгып төмөнкүлөрдү билдирет.

Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда, добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкер Б.Т. Дубанаевге (364 добуш) мандат өткөрүлүп берилээрин БШК маалымдайт.

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Мыйзамынын (мындан ары - Мыйзам) 10-беренесинин 4-5-бөлүктөрүнө ылайык: *“жергиликтүү кеңештердин депутаттарын көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоону өткөрүү үчүн аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунушу боюнча, ушул Мыйзам менен белгиленген жоболорду эске алуу менен добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын иштеп чыгат жана аларды бекитүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына киргизет.*

*Борбордук шайлоо комиссиясы аймактык шайлоо комиссияларынын сунушу боюнча шайлоо округдарынын схемасын чек араларын карайт жана бекитет”.*

Ал эми сиздин кайрылууңуздагы сунуштар боюнча кийинки жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо алдында округдардын түзүлүшүн камсыздоо максатында, шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын иштеп чыгуу боюнча тиешелүү жумушчу топко жөнөтүлөт.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 04-12/1487, 28.11.2024

Кол койгон: Койчукеев Н.Ч., 28.11.2024

Мындан тышкары, Мыйзамдын 38-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык: "*аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктарын төмөнкү учурларда жараксыз деп табат:*

*1) эгерде башка талапкерге караганда добуштардын көпчүлүк санын алган талапкер үчүн шайлоочулардын берген добуштарынын саны бардык талапкерлерге каршы берилген шайлоочулардын добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда шайлоо кайталап жүргүзүлөт;*

*2) эгерде башка талапкерлердин тизмесине караганда добуштардын көпчүлүк санын алган талапкерлердин тизмесине берген шайлоочулардын добуштарынын саны талапкерлердин бардык тизмесине каршы шайлоочулардын берген добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда шайлоо кайталап жүргүзүлөт".*

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, БШК кайрылууңузда көрсөтүлгөн №8 Жылгын, Аркыт шайлоо округунда кайталап шайлоо өткөрүүгө негиз жок экендигин маалымдайт.

**Урматтоо менен,**
**Төраганын орун басары** **Н.Ч. Койчукеев**

Атк. Нурбеков. 62-01-84

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН